2. Кабылова, С. А. Башталгыч класстарда математиканы окутууда инновациялык методдорду колдонуунун өзгөчөлүктөрү / С. А. Кабылова, С. Б. Киязова, М. Т. Шарабидинов // Вестник Иссык-Кульского университета. - 2018. - №46. - С. 229-232. ISSN:1561-9516

3. Кайдиева, Н. К. Применение информационных технологий в обучении / Н. К. Кайдиева, С. А. Кабылова // Вестник КГУ им. И. Арабаева. - 2014. - С.67-70. - ISSN 1694-8033 https://elibrary.ru/item.asp?id=54125239

4. Кленина, В. И. Информационные технологии в профессиональной деятельности юриста / В. И. Кленина // Ученые записки РГСУ. - 2010. - №7. - С. 99-102.

5. Пиаже, Ж. Восприятие мира у детей / Ж. Пиаже. - СПб.: Питер, 2025. - 400 с.: ил. - (Серия «Мастера психологии»). ISBN 978-5-4461-4116-6

6. Самохвалов, И. Ю. Внедрение информационных технологий в систему преподавания юридических дисциплин в ВУЗЕ / И. Ю. Самохвалов // Приволжский научный вестник. - 2014. - № 12-2 (40). - С. 65-68.

7. Тунда, В. А. Руководство по работе в Moodle 2.5: для начинающих / В. А. Тунда. - Томск, 2015.

DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2025-63-137-145
УДК: 37

***Исакова С. Т.,*** *окутуучу*
*svetaisakova0180@gmail.com*
*ORCID: 0009-0002-2272-7190*
***Мукамбетова А. К.,*** *окутуучу*
*ainuramukambetova560@gmail.com*
*ORCID: 0009-0001-4436-7360*
***Жолдошбек кызы Н.,*** *магистрант*
*nazik1997kq@gmail.com*
*ORCID: 0009-0007-6253-0436*
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*
*Каракол ш., Кыргызстан*

## БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕНЧИЛДИККЕ ТАРБИЯЛООДО УЛУТТУК БААЛУУЛУКТАРДЫ САКТООНУН КАРАЖАТЫ КАТАРЫ

*Макалада башталгыч мектептеги окуучуларды көркөм чыгармалар аркылуу мекенчилдикке тарбиялоонун жолдору, ыкмалары жана мазмундук өзгөчөлүктөрү кеңири талданып көрсөтүлөт. Башталгыч класстагы балдардын дүйнө таанымы жаңыдан калыптанып, алардын жүрүм-турумуна, аң-сезимине таасир берүү үчүн бул курак өтө маанилүү мезгил болуп саналат. Мекенчилдикке тарбиялоо — бул окуучунун өз элине, өз жерине болгон урматын арттыруу, тарыхты таанып-билүүгө, улуттук баалуулуктарды сактоого үйрөтүү, өзүнүн жарандык милдетин түшүнүүгө өбөлгө түзүүчү маанилүү иш-аракеттердин бири.*

*Көркөм чыгармалар – мекенчилдикке тарбиялоонун эң натыйжалуу каражаты. Адабият баланын ички дүйнөсүнө түздөн-түз таасир эте алган курал катары, мекенге болгон сүйүүнү, туулуп-өскөн жерди ыйык тутууну, ата-бабалардын эрдигин урматтоону үйрөтөт. Кыргыз элинин тарыхын, баатырдык салтын чагылдырган чыгармалар – “Манас”, “Эр Төштүк”, ошондой эле Алыкул Осмонов, Түгөлбай Сыдыкбеков, Жоомарт Бөкөнбаев, Токтогул Сатылганов сыяктуу жазуучулардын жана акындардын чыгармалары окуучунун аң-сезимин ойготуп, руханий дүйнөсүн байытат.*

*Изилдөөдө ошондой эле сабак учурунда жана сабактан тышкаркы иштерде колдонулуучу методдор кеңири баяндалат. Атап айтканда, инсценировка, ролдук оюндар, талкуу, көркөм окуу, сүрөт тартуу, дилбаян жазуу, топтук талдоо, чыгарманын негизинде сахналаштыруу сыяктуу методдор ар бир окуучунун окууга кызыгуусун арттырып, мекенчилдик сезимин тереңдетүүгө өбөлгө түзөт. Бул методикалык иш мугалимдерге практикалык сунуштарды берип, көркөм чыгармалар аркылуу тарбиялык иштерди натыйжалуу уюштурууга чоң көмөк көрсөтүп, баштапгыч билим берүү системасында улуттук баалуулуктарга негизделген тарбиялоону өркүндөтүүгө багытталат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Мекен, тарбия, билим берүү, көркөм чыгарма, улуттук баалуулук, принцип, метод, технология, кеп ишмердүүлүгү.*

***Исакова С. Т.,*** *преподаватель*
*svetaisakova0180@gmail.com*
*ORCID:0009-0002-2272-7190*
***Мукамбетова А. К.,*** *преподаватель*
*ainuramukambetova560@gmail.com*
*ORCID: 0009-0001-4436-7360*
***Жолдошбек кызы Н.,*** *магистрант*
*nazik1997kq@gmail.com*
*ORCID: 0009-0007-6253-0436*
*ИГУ им. К. Тыныстанова*
*г. Каракол, Кыргызстан*

# ОБРАЗОВАНИЕ КАК СРЕДСТВО СОХРАНЕНИЯ НАЦИОНАЛЬНЫХ ЦЕННОЙСТЕЙ В ВОСПИТАНИИ ПАТРИОТИЗМА

*В данной научно-методической работе подробно анализируются пути, приемы и содержательные особенности патриотического воспитания учащихся начальной школы посредством художественных произведений. Этот возраст является очень важным периодом для того, чтобы мировоззрение детей начальной школы только формировалось и влияло на их поведение, сознание. Патриотическое воспитание - одно из важнейших видов деятельности, способствующих повышению уважения учащегося к своему народу, своей земле, познанию истории, сохранению национальных ценностей, пониманию своего гражданского долга.*

*Произведения искусства — самое эффективное средство воспитания патриотизма. Литература как инструмент, способный напрямую влиять на внутренний мир ребенка, учит любви к Родине, святости родной земли, уважению к подвигу предков. Произведения, отражающие историю, героические традиции кыргызского народа -" Манас",” Эр Тоштук", а также произведения таких писателей и поэтов, как Алыкул Осмонов, Туголбай Сыдыкбеков, Джомарт Боконбаев, Токтогул Сатылганов, пробуждают сознание читателя, обогащают его духовный мир.*

*В исследовании также подробно описаны методы, используемые во время занятий и внеклассных занятий. В частности, такие методы, как инсценировка, ролевые игры, обсуждение, чтение художественной литературы, рисование, написание эссе, групповой анализ, постановка на основе работы, способствуют повышению интереса каждого учащегося к чтению и углублению патриотического чувства.*

*Эта методическая работа дает учителям практические рекомендации и в значительной степени способствует эффективной организации учебной работы с помощью произведений искусства. Вместе с тем, она является важным ресурсом, направленным на совершенствование воспитания в системе начального образования на основе национальных ценностей.*

***Ключевые слова:*** *Родина, воспитание, образование, художественное творчество, национальное самосознание, принцип, метод, технология, речевая деятельность.*

***Isakova S T.,*** *lecturer*
*svetaisakova0180@gmail.com*
*ORCID:0009-0002-2272-7190*
***Mukambetova A. K.,*** *lecturer*
*ainuramukambetova560@gmail.com*
*ORCID: 0009-0001-4436-7360*
***Zholdoshbek Kyzyl Nazik,*** *master's student*
*nazik1997kq@gmail.com*
*ORCID: 0009-0007-6253-0436*
*K. Tynystanov Issyk-Kul state university*
*Karakol, Kyrgyzstan*

# MEANS OF PRESERVING NATIONAL VALUES IN EDUCATION, PATRIOTISM, AND UPBRINGING

*This scientific and methodological work analyzes in detail the ways, of techniques and substantive features of patriotic education of elementary school students through artistic works. This age is a very important period for the worldview of primary school children to be formed and influence their behavior and consciousness. Patriotic education is one of the most important activities that enhance a student's respect for his people, his land, knowledge of history, preservation of national values, and understanding of his civic duty.*

*Works of art are the most effective means of fostering patriotism. Literature as a tool that can directly influence the inner world of a child, teaches love for the motherland, the sanctity of the native land, and respect for the feat of the ancestors. The works reflecting the history and heroic traditions of the Kyrgyz people -"Manas", "Er Tushtuk", as well as the works of such writers and poets as Alykul Osmonov, Tugolbai Sydykbekov, Joomart Bokonbayev, Toktogul Satylganov, awaken the reader's consciousness, enrich his spiritual world.*

*The study also describes in detail the methods used during classes and extracurricular activities. In particular, methods such as dramatization, role-playing, discussion, reading fiction, drawing, writing essays, group analysis, and work-based staging contribute to increasing each student's interest in reading and deepening patriotic feelings.*

*This methodical work provides teachers with practical recommendations and greatly contributes to the effective organization of educational work with the help of works of art. At the same time, it is an important resource aimed at improving education in the primary education system based on national values.*

***Keywords****: Homeland, upbringing, education, artistic creation, national identity, principle, method, technology, speech activity.*

Мектеп окуучуларын көркөм адабият аркылуу мекенчилдикке тарбиялоонун теориялык негиздери, социалдык педагогикалык өбөлгөлөрү бар экендиги талашсыз. Кыргыздын акын-жазуучуларынын мектептин адабият сабагында окутулган көркөм чыгармаларындагы мекенчилдикке тарбиялоо мотивдери активдештирилип, азыркы тарбиялоо процесси үчүн баалуулугун ачык көрсөтөт. Окуучуларды кыргыз акын-жазуучуларынын көркөм чыгармалары аркылуу мекенчилдикке тарбиялоонун принциптерин, этаптарын, методдорун ичине алган модели иштелип чыгып, анын педагогикалык шарттары аныкталган. Ошентсе да айкындалган педагогикалык шарттар, практикалык-технологиялык каражаттар, көркөм чыгармалар аркылуу окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо маселеси бир катар көз караштарды түшүнүктөрдү тактап алууну талап кылат. Алардын эң алдынкы катмарын "Мекен", "Ата журт", "тарбия", "мекенчилдикке тарбиялоо", "адабият", "көркөм чыгармалар

аркылуу мекенчилдикке тарбиялоого” байланыштуу илимий көз караштар түзөт. Ошону менен бирдикте аталган маселе башталгыч мектепте көркөм чыгармаларды окутуу дисциплиналарына таандык болгондуктан, колдонулган булактар арасында илимий эмгектерден сырткары адабият, маданият өкүлдөрүнүн пикирлери да анализге алынууга тийиш.

“Ата журт” түшүнүгү “ыйык топурак”, “ата-бабалар конушу” “ата бабалардын рухтары жана мүрзөлөрү жайгашкан жер” деген маанини билдирет. Кыргыз тилинде “журт” сөзү эл маанисинде колдонулат. [1, 5-б]. “Эрдин бир журту – өз эли, бир журту – кайыны, бир журту – таякеси”, - деп айтылат элде. “Ата журт” түшүнүгү “ата-бабалар конушу” “ата-бабалардын сөөктөрү калган жер” деген да мааниге ээ. Байыркы түрктөр кайсы жердин суусун ичсе, ошол жерди Ата Журт катары эсептешкен. Мекен деген маанини да туюнтат. Эпосто «жер-суу» Мекенди туюнткан метафора катары айтылып калган. “Мекен” орусчада «Отечество», «Отчизна» деп аталса, англис тилинде «мать» (англ. motherland) сөзү «өзүбүз, өз жерибиз» («родные, свои места») деген мааниге ээ [5, 515-б.].

Мекенчилдик кыргыз тарыхынын бардык мезгилдеринде инсандын Мекен менен сыймыктануусун, сүйүүсүн, аны коргоого көп кырдуу даярдыгын камтыган коомдук аң-сезимдин жетилгендиги жана ошону менен бирдикте өтө катаал адептик принцип болгон. Мекенчилдик – эң оболу, жан дүйнөнүн, рухтун абалы. Кыргыз элинин коргонор чеби да, эң күчтүү, эң ишенимдүү куралы да мекенчил, элчил урпактарды, “эр”, “эрен”, “шерлерди” тарбиялоо системасы болгон [3, 4-б.]. Мекенге сүйүү жана мекенчилдикке тарбиялоо түшүнүктөрү философиялык өңүттө бир катар фундаменталдуу эмгектерде каралган. Алсак, философиянын классиктеринин бири Кант адамдардын коом алдындагы мекенчилдиктин ички түзүмүнө төмөнкүдөй компоненттерди
киргизет: мекенчилдик аң-сезим, мекенчилдик сезимдер, сабырдуулук, мекенчилдик ишенимдер жана мекенчилдик жүрүм-турум көндүмдөрү. Мекенчилдикке тарбиялоонун тарыхый-элдик багыты элдик-мекенчилдик, тарыхый-мекенчилдик, социомаданий, этнопедагогикалык жана тарыхый багыттарды да бириктирет. Бул багыттын максаты – адамды өз элинин тарыхын жана маданиятын билүүгө, түшүнүүгө жана сыйлоого, өз улутуна таандык болгондугу үчүн сыймыктанууга, ошондой эле өз улутунун ыйык нерселерин жана символдорун сыйлоого тарбиялоо. Бул маселелер А. Алимбеков, И. И. Валеев, Г. Н. Волков, А. Г. Гашымов, М. А. Горбова, Е. Н. Корчагин, М. И. Стельмахович, Я. И. Ханбикова, А. Ф. Хантибидзе жана башка окумуштуу, изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде ачыкталган.

Мектепте окуу предметтери аркылуу мекенчилдикке тарбиялоо маселелери И. Е. Белухина, Е. И. Деренский, Ю. В. Лазарев, А. Н. Любарский, Р. Л. Рождественская, В. Н. Устякин жана башкалардын, мекенчилдикке тарбиялоодо музейлердин, искусство жана маданият баалуулуктарынын мүмкүнчүлүктөрү В. А. Пекшн, А. Е. Мешковдун, театрдын мүмкүнчүлүктөрү И. И. Шигапованын, көркөм сүрөт искусствосунун мүмкүнчүлүктөрү Е. Л. Суздальцевдин эмгектеринде колго алынган.

Кыргызстанда Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасындагы жарандык-мекенчилдик тарбия жөнүндө” Мыйзамы бекитилген. Мыйзамга ылайык, жарандык-мекенчилдик тарбия түшүнүгүнө төмөнкүдөй аныктама берилген: “Жарандык-мекенчилдик тарбия – Мекенди сүйүүнү жана тынчтыкка ыктоону, ички эркиндикти жана мамлекеттик бийликти, мамлекеттик символиканы сыйлоону, ар-

намыстуулук сезимин жана тартиптүүлүктү, улуттук сезимдин жана улуттар аралык карым-катнаштар маданиятынын шайкештигин, ошондой эле өзүнүн саясий, адеп-ахлактык жана укуктук тандоосу үчүн, турмуштук ийгиликке жетишүү максатында өзүнүн жөндөмдөрүн максималдуу түрдө өнүктүрүү үчүн жоопкерчилигин бекемдөөнү камтыган инсандык сапаттарды калыптандыруунун максаттуу, адеп-ахлактык жактан шартталган процесси” [4].

Мыйзамдын 13-беренесинде жарандык-мекенчилдик тарбия улуттук тарбиянын идеалы катары “Мекендин тагдырын өзүнүн тагдырындай кабыл алган, өзүнүн өлкөсүнүн азыркы учуру жана келечеги үчүн жоопкерчиликти сезген, Кыргыз Республикасынын бирдиктүү элинин руханий жана маданий каадаларына сиңирилген, Кыргыз Республикасынын жогорку адеп-ахлактуу, чыгармачыл, компетенттүү жараны улуттук тарбиянын идеалы болуп саналат”, - деп белгиленет.

Кыргыз педагогикасында окуучу жаштарды мекенчилдикке тарбиялоо багытында бир катар изилдөөлөр аткарылган. Алардын басымдуу бөлүгү “Манас” эпосунун дөөлөттөрүнө байланышкан. Алсак, Түгөлбай Сыдыкбековдун, Жусуп Баласагындын, Чынгыз Айтматовдун чыгармаларында Мекен, эл-жер темасы терең чагылдырылган.

1. Окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоодо адабият чыгармалары төмөнкүдөй функцияларды аткара тургандыгы белгилүү: балдар чөйрөсүндө мекенчил инсандардын идеалын, баалуулуктарын коллективдүү таанытып бириктирүүчү коммуникатор; тарбиячы мугалимге окуучулардын мекен жана мекенчилдик тууралуу сезим туйгуларын, баалуулуктарын таанытуучу каражат; Ата мекен, туулган жерге карата ички түйшөлүүлөрүн терендетип, сүйүүсүн арттыруучу, толуктоочу, ошондой эле өздөрүнүн Мекен алдындагы атуулдук парзына, социалдык ролуна карата рефлексиясын жаратып өзүн өзү тарбиялоонун каражаты экендигин белгилөөгө болот [9, 94-б].

2. Кыргыздын акын-жазуучуларынын мектептин адабият сабагында орун алган чыгармаларындагы мекенчилдикке тарбиялоо идеяларын жана тажрыйбаларынын төмөнкүдөй идеялык тематикалык алкактарын бөлүп көрсөтүүгө болот: “Ата мекендин образы”; жазуучу, акындар тарабынан элдик эпостордун негизинде жазылган чыгармалардагы мекенчилдикке тарбиялоонун салттык баалуулуктары; кыргыз эл ырчылары менен профессионал акындар поэзиясындагы эл-жерди сагынуу, элчилдикке, мекенчилдикке тарбиялоо мотивдери; кыргыз акын-жазуучуларынын прозалык чыгармаларындагы мекенчилдикке тарбиялоо тажрыйбалары ачыкталды.

3. Кыргыз акын-жазуучуларынын чыгармалары аркылуу окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо процесси анын максат, милдет жана мазмундук компоненттеринен, жүзөгө ашыруу принциптеринен, методдорунан, натыйжаларды баалоо критерийлеринен улам, аларды жүзөгө ашыруунун төмөнкүдөй педагогикалык шарттарды сунуштоого болот: мугалимдердин көркөм адабиятка таасирдүү тарбия каражаты, позициясы жана ага шайкеш компетенттүүлүгү; адабият сабактарында окутуу жана тарбиялоо методдорунун өз ара айкалышын камсыз кылуу; көркөм адабият аркылуу мекенчилдикке тарбиялоо иштерине мектептин окуу-тарбиялык процессинин бардык компоненттеринде орун берүү орустун классикалык педагогикасында жана анын мураскери болгон советтик педагогикада мекенчилдикке тарбиялоонун концептуалдуу негиздери, түшүнүктөрү К. Д. Ушинский, А. С. Макаренко, В. А. Сухомлинскийдин эмгектеринде атайылап тыкыр айкындалганын көрүүгө болот. К. Д. Ушинскийдин пикиринде, “Өзүн жакшы көрбөгөн адам болбогондой эле, Ата Мекенин сүйбөгөн адам болбойт. Бул сүйүү адамдын жан

дүйнөсүнүн негизин түзүп, жеке өзүнүн, үй-бүлөсүнүн, уруусунун чабал жактары менен күрөшүүдөгү бекем таяныч» [4, 417-б]. Чындыгында эле, эл-жерине күйгөн адам гана анын кем өксүктөрүн жашырбай ачык айтып, ондоп түзөөгө ыкластуу мамиле жасайт. Улуу педагог А. С. Макаренко тарабынан жаранды Ата мекендин кызыкчылыгы үчүн эмгектенүүгө үйрөтүү тарбиялоонун теориясы жана практикасы катары түптөлгөн. А. С. Макаренконун пикиринде, мекенчил адам «…өзүнүн жеке иши, жеке мейкиндиги, жеке ыкмасы же иштөө куралы жана үй-бүлөсү менен гана чектелбестен, өзүнүн айланасындагы адамдардын иштерин, жашоосун жана жүрүм-турумун да көрө билип, аларга өзүнүн сөзү менен гана эмес, иштери менен да жардам көргөзө билиши керек» [7, 110-б.]. В. А. Сухомлинский да А. С. Макаренко сыяктуу эле жаңы реалдуу айыл мектебинин шартында окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоонун теориясын жана практикасын иштеп чыккан педагогдордун катарында турат. Анын "Жүрөктөгү Ата мекен", "Гражданиндин жаралышы" аттуу эмгектери илимий жана педагогикалык коомчулук тарабынан өтө баалуу эмгектер катары бааланган.

Көркөм адабиятты педагогикалык таанымдык жана тарбиялык таасирдүү каражат катары кароону эч ким тана албаса да, аталган кубулуштардын ички табиятын ачып көрсөтүүгө багытталган эмгектер анчейин жетишсиз, болгондору да түрдүү маселелердин контекстинде туюнтулгандыктан, белгисиз боюнча калып келет. Бул жагдай бизге дал ушул маселенин тегерегиндеги ой тыянактарга атайын сереп салып, талдай кетүү талабын жаратты. Ошондуктан бул макаланын максаты педагогикалык чындыкты таанууда көркөм адабияттын ордун жана функцияларын ачып көрсөтүүгө багытталат.

Коюлган маселени чечүү үчүн төмөндөгүдөй суроолорго жооп берүү абзел: Көркөм адабиятты педагогикалык таанымдын обьектиси катары кароо канчалык акыйкат, мында жасалмалуулук жокпу? Көркөм чыгармалардын тарбиялык жана таанымдык функцияларын кантип жана эмненин негизинде белгилеп негиздей алабыз?

Адабият менен таалим-тарбия маселелери өз ара тамырлаш, түгөйлөш дөөлөттөр экендиги – адамзат маданиятынын тарыхы аркылуу таасын далилденген аксиома. Жазма маданият калыптанганга чейин турмуш үчүн зарыл билимдерин, анын ичинде урпактарын тарбиялоо жөнүндөгү акыл-ой, тажрыйбаларын көркөм сөз булактарында сактап, ошолор аркылуу мурастоо салтын баштан кечирбеген бир да калк болгон эмес. Мунун классикалык үлгүсү – "Манас" эпосу. Адабияттар анализи көрсөткөндөй, эпостун тарбиялык нускасы, касиети тууралуу ойлор айтылып, педагогикалык максатта жазылбаган эмгектерде деле көз жаздымда калбаптыр. Казактын улуу окумуштуусу Ч. Валихановдун ой тыянагы өзгөчө баалуу. Ал "Манас" эпосун «…аны жараткан элдин тарыхын, философиясын, этнографиясын, тилин, көркөм өнөрүн, психологиясын, географиясын, медицинасын жалпы эле рухий жана социалдык турмушунун ар кыл жактарын изилдеп үйрөнүүдөгү өзгөчө бай жана баалуу булак», - деп жогору баалаган [3, 643-б.]. Жогоруда көрсөтүлгөндөй, окумуштуу "Манасты" эң оболу элдин билим тажрыйбаларынын энциклопедиясы катары караган. Академик Б. Юнусалиев: "Жүздөгөн жылдар бою кыргыздар үчүн бул эпос таалим алуучу роман-китептин, таасирдүү сахнанын жана экрандын, өткөндү эске салуучу тарых китебинин милдетин аткарып келген", - деп адилет баа берген [8, 4-б.].

Карапайым калктын көп кырдуу турмуш практикасынын туундусу катары жаралып, балдарга ак-караны таанытуу, аларды эмгекке, үй-бүлөлүк турмушка даярдоо

жаатындагы акыл-ойлор менен тажрыйбаларды астейдил талдап, акыл чыпкасынан өткөрүп, өз дараметине жараша өркүндөтүп, кайрадан элдин өзүнө нарктуу өмүр кечирүүнүн программасы, эрежеси таризинде таасирдүү аңдатууда акындар кадыр эсе агартуучулук миссия аткарышкан. Ошондуктан өткөн мезгилдерде калк тарабынан нарктуу акын педагог катары, нарктуу поэзия педагогика катары кабылданган. Адабият менен педагогиканын ортосундагы мындай өтмө катар байланыштар педагогика илими менен профессионалдык жазма адабият түптөлгөндө деле токтоп калган жок.

Тарыхтан айрым учурда кандайдыр бир чыгармалардын каармандарынын өрнөктүү жоруктарына шыктанып, ошондой болууга реалдуу аракет жасаган фактыларды да кездештирүүгө болот. Алсак, Ата журтту коргоо үчүн согуш учурунда жаздым болгон кыргыз жоокерлеринин койнунан Шота Руставелинин “Жолборс терисин кийген баатыр” поэмасы, «Кожожаш», «Курманбек», «Манас» эпосу табылышы, элибиздин баатырлары жоого аттанарда “Манас” угуп, “манастап” ураан чакырып, байыркы Манас баатырды асаба, туу, жөлөк кылышы эрдин эрдиги, мекенди коргоо, акыйкаттык жана кайраттуулук темаларды камтыган бул чыгармалар аркылуу жаш баланын ан-сезиминде улуттук сыймыкты ойготот.

Көркөм чыгармалар педагогикалык баалуулукка ээ болгон көптөгөн ири факторлорду камтыйт. Айрым учурларда алар чындыктын көркөм чагылдырылышы, фантазиянын, чыгармачыл элестетүүнүн, таанып билүүнүн, көрөгөчтүктүн натыйжасы болуп эсептелет. Ал эми айрым учурларда алар шексиз факт, биографиялык же автобиографиялык факт, документалдык факт, тарыхый факт ж. б. болуп эсептелет. Эгерде алар педагогикалык чындыкты чагылдырса, анда бул фактылар корутундулардын, жалпылыктардын, жыйынтыктардын эмпирикалык негизи болушу мүмкүн. Мындан улам, адабий жана көркөм чыгармалардын фактылык кызматы жөнүндө сөз кылууга мүмкүн. Адабиятта таанытылган фактыларды классификациялоо кыйын. Бул фактылар мындайча болуп бөлүнүшү мүмкүн:

- билим берүү мекемелеринин, алардагы атмосферанын, мугалим менен окуучулардын ортосундагы байланыштын баяндап жазылышы; - билим берүү процессинин (формалары, методдору, мазмуну, мугалимдин ишмердүүлүгүнүн түрү) баяндалып жазылышы;
- балдардын билим берүү процессинин субъектилери катары баяндап жазылышы (жөндөмдүү жана шыктуу, жөндөмсүз жана ийгиликсиз, авторитеттүү жана кууп жиберилген балдар);
- балдардын таанып билүүсүнө багытталган кызыкчылыктардын, алардын мугалимдерге жана мектепке болгон мамилесинин жана көз караштарынын чагылдырылышы;
- мугалимдердин баяндап жазылышы (портреттер, мүнөздөр, талант же болбосо педагогикалык талантсыздык, балдардын арасындагы кадыр-барктуулук, мугалим өз ишин билген адис жана мыкты мугалим катары көрсөтүлгөн педагогикалык кырдаалдар).

Адабият түшүнүп баштоонун укмуштуу өзгөчөлүгүнө ээ. Айрыкча, поэзия жана улуу прозалык чыгармалар жөнүндө сөз болуп жатканда, жогорудагы ойду тана албайбыз. Мындай түшүнүп баштоо процесси жазуучунун мүмкүндүктөрдү алдын ала көрө билүүсүндө, окуялардын, процесстердин жана кубулуштардын өнүгүүсүндөгү

тенденцияларда байкалат. Албетте, ойлоп табылган мүмкүнчүлүктөрдө, тенденцияларда жана күтүлбөгөн окуяларда педагогикалык кубулуштарга да тиешеси болгондор пайда болот. Биздин оюбуз боюнча, учурдагы структурализмдин таанымал өкүлдөрдүн бири семиолог Р. Барт адабияттын мындай бөтөнчөлүгүн ачык жана даана белгилеп өткөн: «... ал дагы да билинбеген, бирок жаралган билимдин потенциалдык түрлөрүн эске алууга мүмкүнчүлүк берет».

Көркөм чыгармалардагы дагы бир өзгөчөлүк – педагогикалык ишмердүүлүктүн өрнөгүн жаратуу. Алардын негизинде белгилүү бир принциптерди тариздөөгө болот. Айталы, Ч. Айтматов өз чыгармаларындагы мугалимдердин образдарында мугалимдик ишти өз өмүрүнүн башкы дөөлөтү катары кабылдоо, өмүрүн педагогикалык эмгекке арноо сыяктуу принципти негиздеген. “Кылым карытар бир күн” романында Абуталиптин эң сүйүктүү жайы мектепте иштөө укугунан ажыратышып, куугунтукташканы менен, анын мугалимдик нарк-насилинен, ишенимдеринен биротоло айрый алышпайт. «Фудзиямадагы кадыр түндө» мурдагы мугалим Айша апа эбак пенсияга чыкса да, бир убакта өзү окуткан балдары Иосиф Татаевич, Исабектердин адеп-ахлактык жактан бүкшүп бузулган абалын көрүп, чын ниеттен берген таалим нускаларынын эмне үчүн жугумсуз болуп калганынын себептерин аңдап түшүнө албай жаны кейийт. «…Ушундай ынтымактуу, ушунчалык ниети таза балдар элеңер? Эмне үчүн ушундай турмушка дуушар болдуңар? Мен силерге аябай ишенчү элем. …. Мына эми мынтип кабыргам кайышып, жаным катуу кейип олтурат. Баягы балдарым жок. Андагы жаркыраган балдарым кайда? Алардан айрылганым ырас, анда өзүмдө да айып бар…. Кай жерден…. Эмнеден жаңылыш кетирдик. Билбейм, башым маң …», - деп трагедиянын түпкү себебин өзүнүн жана кесиптештеринин ишинен издейт [2,182-б.]. Демек, Айтматовдук мугалимдер – педагогикалык ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын 45 минуттук академиялык сааттар же сынактын натыйжалары менен эмес, бүтүндөй бир муундун руханий-интеллектуалдык дарамети менен кишилик нускалары аркылуу өлчөп, өздөрүн тарых алдында жоопкерчилигин чындап сезген инсандар.

Адабияттын бирден бир өзгөчөлүгү – педагогикалык илимдеги максаттарга жакын болгон көркөм типтерди жаратуу, белгилүү бир типтеги кубулуштарды, тарбиялоону, окутууну, мугалимдерди, окуучуларды жана педагогикалык кырдаалдарды изилдөө, бирок ар бир педагогикалык типологияда ишмердүүлүктүн субъектиси (тарбиялоо, окутуу жана билим берүү, таанып билүү ишмердүүлүгүнүн), педагогикалык мамилелердин жана кубулуштардын субъектиси болот.

Илимий жана педагогикалык чындыктын көркөм таанып-билүүчүлүк методдорун салыштырууда анализдөө өзгөчөлүгүнө ээ болгон көркөм анализдин өзгөчө бөтөнчөлүгүн байкаса болот. Бул бөтөнчөлүк адамды өнүгүүнүн жана тарбиялоонун субъектиси катары аны аналитикалык жактан изилдөөгө мүмкүнчүлүк бербегендей сезилет. Ошол эле учурда бул субъект абстракция, мотив, анализ, жүрүм-турум жолдору, баалуу ориентация жана башка ушул сыяктуу элементтерди байланыштырган ой менен элестетилген структура катары элестетилбейт. Ал жандуу адам катары элестетилет. Бул адамда бардыгы органикалык түрдө байланышкан. Жадакалса, аң-сезимдеги, жүрүм-турумдагы карама-каршылыктар бүтүндөй бир адам жөнүндөгү көрүнүштөргө тоскоол боло албайт.

**Адабияттар:**

1. Алимбеков, А. Кыргыз эл педагогикасындагы адеп тарбиясы / А. Алимбеков. - Бишкек: Улуу тоолор, 2018.
2. Айтматов, Ч. 5 томдон турган чыгармаларынын жыйнагы: 2-т. / Ч. Айтматов. - Бишкек: Шам, 1999.
3. Валиханов, Ч. Кыргызский эпос «Манас» / Ч. Валиханов. -Алматы, 1956. -643 с.
4. Артыкбаев, К. Кыргыз адабияты : V класстар үчүн окуу китеби / К. Артыкбаев, К. Асаналиев, С. Байгазиев. - Бишкек, 2000. - 78 б.
5. Рездин, З. Я. Методика преподавания литературы / З. Я. Рездин. - М.: Просвещение, 1977. - 383 с.
6. Уразова, Ж. Т. Элдик оозеки чыгармалардын сюжеттеринин негизинде жазылган драмалык чыгармаларды окутуунун илимий-методикалык негиздери : пед. илим. канд. … дис. автореф. / Ж. Т. Уразова. - Бишкек, 2000. - 21 б.
7. Мавлянов, Ж. Жалгыз бутактуу арча / Ж. Мавлянов. - Бишкек, 1966. - 328 б.
8. Эшиев, Ж. А. Мектептерде поэмаларды окутуунун илимий-методикалык негиздери (V-VII кл. мисалында) : пед. илим. канд. … дис. / Ж. А. Эшиев. - Бишкек, 2007.
9. Исакова, С. Т. Окуучулардын кеп маданиятын калыптандыруудагы көнүгүү иштери / С. Т. Исакова // Вестник Иссык-Кульского университета. – 2017. – No. 43. – С. 93-97. – EDN RHIOIK.